Айдыңы арткан – Алтынкен

# «Алтынкен» компаниясы жардамга муктаж калкка кол сунууда

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА,
"Кыргыз Туусу"

**Үстүбүздөгү жылдын 6-декабрында "Алтынкен" компаниясы эки жакшы акция өткөрдү. Биринчи, компаниянын үч кызматкери: Тилекеев Токтобекти, Орозалиев Нуржанды жана Койчуманов Бактыгулду салтанаттуу эс алууга узатуу иш-чарасы болуп өттү.**




Компаниянын өкүлдөрү ардагерлерге белектерин үйүнө жеткиришти. «Алтынкен» компаниясы өз өмүрүн, эмгегин компаниянын калыптанышына жана өнүгүшүнө арнап, эс алууга чыккан ак ниет кызматкерлерине ар дайым урмат-сыйын билдирип, жогору баалайт.

Ошол эле күнү башкармалыктын төрагасынын орун басары Акылбек Токтобаев Кемин районунун үч тургунуна акчалай жардам тапшырды. Бул жардам медициналык татаал операциялардан кийин дарылоого багытталган. Орун басар өз сөзүн ишкананын жетекчилигинин атынан жардамга муктаж болгондордун бардыгына тезирээк сакайып кетишин каалады.

Белгилей кетсек, «Алтынкен» компаниясы ишмердүүлүгүн баштагандан бери Кемин районунун 30дан ашык кымбат баалуу операцияларга жана дарыланууга муктаж тургундарына жеке жардам көрсөткөн.

Баса белгилеп кетүүчү жагдай, компания аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардан тышкары «Нурмеаис» балдардын реабилитациялык борборуна жана «Күн шооласы» карылар үйүнө өзгөчө көңүл бурат.

Үстүбүздөгү жылда компания облус боюнча 81 иш-чарага катышып, 15 жолу демөөрчүлүк жардам көрсөтүп, 250 адамды камтыган 8 кайрымдуулук акциясын өткөрдү.



2023-жылы милдеттүү төлөмдөрдөн тышкары, компания демөөрчүлүк жана кайрымдуулук үчүн 26 миллион сомдон ашык каражат бөлгөн.

«Алтынкен» компаниясы мындан ары да үлгүлүү экологиялык жактан таза, заманбап тоо-кен казып алуу ишканасын курууну, ишкананы, кызматкерлерди жана бүтүндөй коомду гармониялуу өнүктүрүү менен «Тоо-кен тармагын коомдун жыргалчылыгы үчүн өнүктүрүү» деген жалпы концепцияны жайылтмакчы.

«Алтынкен» компаниясынан Кемин району боюнча жыл сайын 250дөн ашык үй-бүлө компаниядан жардам алышат. Андан сырткары, ар бир майрамда жаш наристелерден кары-картаң улууларыбызга чейин, кесип ээлери майрамдарында компания көңүл буруп келээрин айтып кеткибиз келет.



